№ 2194-ФХД/24 17.05.2024

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

## БУЙРУК

2024-жылдын 15-майындагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде № 8 протоколунун чечими менен «Факультеттердин жана колледждердин эл аралык ишмердигинин абалы жөнүндө. Эл аралык коомчулукта ОшМУнун академиялык, илимий-изилдөө репутациясынын өнүгүү перспективалары» № 1 негизги маселе боюнча төмөндөгүдөй **буйрук кылам:**

1. «Факультеттердин жана колледждердин эл аралык ишмердигинин абалы жөнүндө. Эл аралык коомчулукта ОшМУнун академиялык, илимий-изилдөө репутациясынын өнүгүү перспективалары» аттуу маселе боюнча ОшМУнун тышкы байланыштары боюнча проректору К. Ш. Аттокуровдун билдирүүсү эске алынсын.
2. Акыркы 3 жылдын ичинде университетте 30га жакын биргелешкен билим берүү программалары (БББП) боюнча келишимдер түзүлүп, алардын 15тен ашыгы факультеттер тарабынан ишке ашып жаткандыгы белгиленсин. Макулдашылган адистиктер боюнча БББПларды ишке ашыруу үчүн окуу пландарды өнөктөш ЖОЖдор менен биргеликте түзүү иштеринин аткарылышы тиешелүү структуралар жана академиялык иштер бөлүмү тарабынан камсыздалсын.
3. Түзүлгөн келишимдердин, меморандумдардын алкагында өнөктөш окуу жайлар менен тиешелүү структуралардын кызматташуу иштеринин иш-аракеттеринин жүргүзүлүшүнө мониторинг 2024-жылдын 20-июнуна чейин жүргүзүү тышкы байланыштар бөлүмүнө жүктөлсүн.
4. Академиялык мобилдүүлүк программасы үчүн студенттердин жеке окуу планын түзүү, кредиттерди таануу, студенттин окуу планын үзгүлтүксүз аткаруусун камсыздоо системасын иштеп чыгуу жана бул иш-аракеттерди жөнгө салууну камсыздаган локалдык ченемдик документтерди 2024-жылдын 20-июнуна чейин иштеп чыгуу ОшМУнун академиялык иштер башкармалыгын начальниги М. Э. Манашовго милдеттендирилсин.
5. Ар бир факультетте, институтта бирден кем эмес БББПны 2024-жылдын 1-сентябрынан тартып ишке ашыруу декандарга, директорлорго милдеттендирилсин. Көзөмөлдөө жагы тышкы байланыштар бөлүмүнө жүктөлсүн.
6. Алыскы чет өлкөлүк университеттерде академиялык мобилдүүлүк программаларына катышуучу студенттердин санын көбөйтүү жана ал университеттер менен БББПларды ишке ашыруу максатында окуу пландарындагы чет тили дисциплинасы үчүн англис, немис, кытай, корея ж.б. тилдери боюнча агымдар түзүлсүн. Аталган тилдик сабактарды өткөрүү үчүн тиешелүү адистерди камсыздоо дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин деканы Р. Ж. Сагындыковага, Кыргыз-кытай факультетинин деканынын милдетин аткаруучу Үсөн уулу Маматаирге, ЭАБBПЖМнин директору Д. А. Турсуновго, Эл аралык мамилелер факультетинин деканы С. С. Ибраимовага, Чыгыш таануу институтунун директору Ж. С. Бөтөнөвге милдеттендирилсин. Агымдарды уюштурууда бул чечимдин аткарылышына жетишүүнү 2024-жылдын 20-августуна чейин камсыздоо ОшМУнун академиялык иштер башкармалыгын начальниги М. Э. Манашовго милдеттендирилсин.
7. 2024-2025-окуу жылынан баштап ар бир институтта, факультетте окутуу англис тилинде жүргүзүлгөн бирден кем эмес академиялык агымдар түзүлсүн, аткарылышын камсыздоо тиешелүү директорлорго, декандарга милдеттендирилсин.
8. «Ош мамлекеттик университетинин эл аралык кызматташтык багытындагы ишмердигин өнүктүрүүнүн концепциясы» бекитилсин, концепцияда аныкталган милдеттерди

Документ ПОДПИСАН электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

аткаруунун деталдык иш планын 2024-жылдын 25-августуна чейин иштеп чыгуу ОшМУнун тышкы байланыштар боюнча проректору К. Ш. Аттокуровго милдеттендирилсин.

9. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө ОшМУнун тышкы байланыштар боюнча проректору К. Ш. Аттокуровго жүктөлсүн.

***Негиз**: ОшМУнун тышкы байланыштар боюнча проректору, доцент К. Ш. Аттокуровдун маалыматы, окумуштуу катчынын билдирүүсү жана ректордун сунушу*

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К. Г. Кожобеков**

документ
ПОДПИСАН
электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

**ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин**
**2024-жылдын 15-майындагы № 8 жыйынынын**
**ТОКТОМУНАН КӨЧҮРМӨ**
**КҮН ТАРТИБИ**

**1.** Факультеттердин жана колледждердин эл аралык ишмердигинин абалы жөнүндө. Эл аралык коомчулукта ОшМУнун академиялык, илимий-изилдөө репутациясынын өнүгүү перспективалары жөнүндө

**УГУЛДУ:** ОшМУнун тышкы байланыштар боюнча проректору К. Ш. Аттокуров «Факультеттердин жана колледждердин эл аралык ишмердигинин абалы жөнүндө. Эл аралык коомчулукта ОшМУнун академиялык, илимий-изилдөө репутациясынын өнүгүү перспективалары» деп аталган маселе менен тааныштырып, талкууга алынып, айтылган сунуштардын негизинде Окумуштуулар кеңеши төмөндөгүдөй **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. «Факультеттердин жана колледждердин эл аралык ишмердигинин абалы жөнүндө. Эл аралык коомчулукта ОшМУнун академиялык, илимий-изилдөө репутациясынын өнүгүү перспективалары» аттуу маселе боюнча ОшМУнун тышкы байланыштары боюнча проректору К. Ш. Аттокуровдун билдирүүсү эске алынсын.
2. Акыркы 3 жылдын ичинде университетте 30га жакын биргелешкен билим берүү программалары (БББП) боюнча келишимдер түзүлүп, алардын 15тен ашыгы факультеттер тарабынан ишке ашып жаткандыгы белгиленсин. Макулдашылган адистиктер боюнча БББПларды ишке ашыруу үчүн окуу пландарды өнөктөш ЖОЖдор менен биргеликте түзүү иштеринин аткарылышы тиешелүү структуралар жана академиялык иштер бөлүмү тарабынан камсыздалсын.
3. Түзүлгөн келишимдердин, меморандумдардын алкагында өнөктөш окуу жайлар менен тиешелүү структуралардын кызматташуу иштеринин иш-аракеттеринин жүргүзүлүшүнө мониторинг 2024-жылдын 20-июнуна чейин жүргүзүү тышкы байланыштар бөлүмүнө жүктөлсүн.
4. Академиялык мобилдүүлүк программасы үчүн студенттердин жеке окуу планын түзүү, кредиттерди таануу, студенттин окуу планын үзгүлтүксүз аткаруусун камсыздоо системасын иштеп чыгуу жана бул иш-аракеттерди жөнгө салууну камсыздаган локалдык ченемдик документтерди 2024-жылдын 20-июнуна чейин иштеп чыгуу ОшМУнун академиялык иштер башкармалыгын начальниги М. Э. Манашовго милдеттендирилсин.
5. Ар бир факультетте, институтта бирден кем эмес БББПны 2024-жылдын 1-сентябрынан тартып ишке ашыруу декандарга, директорлорго милдеттендирилсин. Көзөмөлдөө жагы тышкы байланыштар бөлүмүнө жүктөлсүн.
6. Алыскы чет өлкөлүк университеттерде академиялык мобилдүүлүк программаларына катышуучу студенттердин санын көбөйтүү жана ал университеттер менен БББПларды ишке ашыруу максатында окуу пландарындагы чет тили дисциплинасы үчүн англис,

немис, кытай, корея ж.б. тилдери боюнча агымдар түзүлсүн. Аталган тилдик сабактарды өткөрүү үчүн тиешелүү адистерди камсыздоо дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин деканы Р. Ж. Сагындыковага, Кыргыз-кытай факультетинин деканынын милдетин аткаруучу Үсөн уулу Мамат аирге, ЭАББПЖМнин директору Д. А. Турсуновго, Эл аралык мамилелер факультетинин деканы С. С. Ибраимовага, Чыгыш таануу институтунун директору Ж. С. Бөтөнөвге милдеттендирилсин. Агымдарды уюштурууда бул чечимдин аткарылышына жетишүүнү 2024-жылдын 20-августуна чейин камсыздоо ОшМУнун академиялык иштер башкармалыгын начальниги М. Э. Манашовго милдеттендирилсин.

7. 2024-2025-окуу жылынан баштап ар бир институтта, факультетте окутуу англис тилинде жүргүзүлгөн бирден кем эмес академиялык агымдар түзүлсүн, аткарылышын камсыздоо тиешелүү директорлорго, декандарга милдеттендирилсин.

8. «Ош мамлекеттик университетинин эл аралык кызматташтык багытындагы ишмердигин өнүктүрүүнүн концепциясы» бекитилсин, концепцияда аныкталган милдеттерди аткаруунун деталдык иш планын 2024-жылдын 25-августуна чейин иштеп чыгуу ОшМУнун тышкы байланыштар боюнча проректору К. Ш. Аттокуровго милдеттендирилсин.

9. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө ОшМУнун тышкы байланыштар боюнча проректору К. Ш. Аттокуровго жүктөлсүн.

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К. Г. Кожобеков**

**Окумуштуу катчы,**
**доцент** **Дж. Ж. Асанбекова**